**Палестина жана Булуң жаатында**
**Буш башчычылыгындагы АКШ саясатынын**

# БЕЛГИЛЕРИ

**жана анын Исламий Үммөттү**
**кыйратуучу таасирлери**

**Палестина жана Булуң жаатында Буш башчылыгындагы АКШ саясатынын белгилери жана анын Исламий Үммөттү кыйратуучу таасирлери**

15-сафар 1422х/8-май 2001-м.

بسم الله الرحمن الرحيم

Буштун жаңы өкмөтү бул саптардын тарыхын жазып коюуда өзүнүн Жакынкы Чыгыш жана дүйнөнүн башка жерлерине тиешелүү саясаты үчүн анык планын жарыя кылбады. Мунун себеби, абалдарга кайрылып, аларды үйрөнүп, бардык саясаттарды өз ичине ала турган план иштеп чыгуу эле. Мамлекет катчысы Колин Пауэлл бул теманы түшүндүрүп: «Бардык нерселерди тамырынан омкоруп таштап, жарактуу деп эсептегендерибизди кайра эгебиз», - деди жана 19.03.01де: «Буш өкмөтүнө эки гана ай берилген. Бул убакыт ичинде Жакынкы Чыгышка болгон мамилелерибизди калыптандыруу үчүн тышкы саясатыбыздын кээ бир негизги тараптары көтөрүлө берет…», - деди. Буш 23.02.01де Кемп Девидде Тони Блэр менен уюштурулган басма сөз конференциясында: «Биз дүйнөнүн бардык региондору үстүнөн саясат көзөмөлүн ишке ашырабыз. Биз көп убакыт сарптап жаткан региондорун бири Жакынкы Чыгыш жана Перс булуңу айланасы. Жакында мамлекет катчысы эң жакшы саясат иштеп чыгуу туурасында союздаштарыбызды угуу үчүн ал жерге барат…», жана: «Пауэлл чындыгында Жакынкы Чыгышка угуу үчүн, жакын досторубуздун жана Жакынкы Чыгыштагы адамдардын пикирин билүү үчүн барат. Ар кандай саясат жаратуудан мурда угуп көрөбүз, кийин табигый түрдө, биз көздөгөн жана вакыйга көбүрөөк туура келет деп билген саясатты иштеп чыгып жатканда, ошол жердеги премьер-министр Тони Блэр сыяктуу союздаш досторубуз менен кеңешебиз», - деди. Мамлекет катчысы Колин Пауэлл 23.02.01де Каирге болгон сапарында: «Биз ишти үч нерсе айланасында тартиптештиришибиз керек: абалды турукташтыруу, зордукчулук деңгээлин төмөндөтүү, экономикалык кубатты кайра тикелөө. Биз мына ушул үч нерсени жолго койгонубузда – бул албетте бир аз убакыт талап кылат – ошондо өзүбүз каерде экендигибизге назар таштайбыз, анда Израилде жаңы өкмөт болот жана ошол кезде тараптар экинчи жолу каерден, кайсы негизге карата жана кандай даражада сүйлөшүүгө даяр экендигин көрүп чыгабыз. Бирок аларды каерден башташыбыз анык эмес. Кээ бирөөлөр Тобонун алдынан, башкалар болсо башка жерден баштоону ойлошууда. Тез күндө ошол сүйлөшүүлөрдү кантип алып барууну ойлоп көрөбүз», - деди.

Анын Жакынкы Чыгыш иштери боюнча жардамчысы Эдвард Уокер 21.03.01де Вашингтон институтунда Жакынкы Чыгыш саясатына тиешелүү сүйлөгөн сөзүндө: «Бул нерсенин чыңалуусун төмөндөтүү маанилүү иш, мен ал жерге Буш өкмөтү бийлик тизгиндерин колго алгандан алтымыш күндөн кийин бармакчымын, себеби, биз Жакынкы Чыгышка тиешелүү саясат иштеп чыгып көзөмөлдөөгө, айрыкча, көзөмөл иши толук болбой турган чакта иштерди тартиптештирүүгө катуу киришебиз… Биз ар эки күндө Палестина-Израил проблемаларын жана Ирак маселесин талкуу кылуу үчүн Жакынкы Чыгышка тиешелүү саясат боюнча чогулуштар өткөрүп жатабыз, бул жыйындар болгону башталышы гана. Буга себеп, Иран жана бизге маанилүү болгон башка кээ бир жерлер маселеси жаатында көп талкуулар болушун күтүүдөбүз. Демек, бул саясатты түп негизинен – нольдон баалап чыгуу, бардык абалдарга чукур назар таштоо – ушул жактан биз аткарууга олуттуу аракет кылып жаткан нерсе эмне экендигине жана бизге натыйжаларды үлгүлүү абалда жүзөгө чыгаруу мүмкүн болушуна өкүм чыгаруу максат кылынган көп тармактуу аракет». Буштун улуттук коопсуздук иштери боюнча кеңешчиси Кондолиза Райс 22.02.01де: «Биз ушул убакыттан тартып бардык нерсенин көзөмөлүнө катуу киришебиз деп ишенем», - деди. О.э. Буш өкмөтүнө берилген убакыт – Ислам дүйнөсүнүн жүрөгү болгон Жакынкы Чыгышты камтып алган – дүйнөнүн бардык региондоруна тиешелүү саясат иштеп чыгуу убактысы болуп саналат.

Саясат иштеп чыгуудагы мындай кечиктирүү иштин табиятына, чиелиги жана кеңдигине барып такалат, себеби, ал дүйнөнүн бардык тараптарын камтыйт. О.э. ал өкмөттүн жаңылыгына жана милдеттердин мурдагы өкмөттөн кабыл кылып алышы үчүн конституциялык эрежелерге ылайык мөөнөт берүүгө барып такалат. Буга себеп – демократтар ошол убакта баса белгилегендей – Флорида штатында шайлоочулардын добушун саноодо жүз берген оюн себептүү жооптууларды дайындоо жана алардын ишке киришүүлөрү кечиктирилиши натыйжасында мөөнөт берүү талап кылынды. Колин Пауэлл 9.02.01деги басма сөз конференциясында иштердин көптүгүнө, ал эми кызматкерлердин кемдигине ишара кылып: «Мен администрацияда Конгресстин жалгыз өкүлүмүн», - деди. Ушул кечиктирүү сезилерлик даражада президент Буштун ички саясий иштер менен алек болушуна,

айрыкча, келерки президенттикке жетишүү үчүн азыртан аракет алып барышына жана батыш дүйнөгө этибар каратып, мамлекеттин ички маселелерин биринчи маселе деп карашына барып такалат. О.э. администрациянын азыркы убакта Америка экономикасы баштан кечирип жаткан жана дүйнө экономикасында табигый түрдө көрүнүп жаткан экономикалык сенектикке жүздөнүү менен алек болушуна, жана дагы, Конгресс палаталарынын 2002-жыл үчүн бюджет кабыл алуусуна – салыктарды кескин азайтууну өз ичине алган, айрыкча мындай азайтуу мурда Америка тарыхында болбогон – капиталисттер пайдасына кызмат кылууда республикачылар партиясынын башка сунуштары менен бирге жүрүү үчүн сенаторлор менен узак тартышууларга себеп болгон бюджетти кабыл алуусуна барып такалат. О.э. кечиктирүү Америка азыркы убакытта баштан кечирип жаткан энергия кризисинин чечимине этибар берүүгө да барып такалат. Буш 29.03.01де: «Биз Калифорнияда жүзөгө келген – эгер тезирээк аракет кылбасак, башка шаарларда да таркап жаткан – энергия кризисине жүздөнүшүбүз ылазым», - деди.

Америка администрациясынын ички иштер менен алектенип, тышкы саясатты иштеп чыгууну кечиктирүүсү дагы деле созулууда. Демек, ал туура эмес жүрүп жатат, же калкка көрүнгөн же жарыя кылынган нерсеге тескериси көрүнүштө, мурунку администрация койгон кадамга ылайык жүрүүдө. Бул өкмөт жооптууларынын бул маселе айланасында карама-каршы билдирүүлөр беришинен да билинет. Бул нерсе басма сөз жамааттарын карама-каршылыктарды ачып таштап, тышкы саясатка катуу басым өткөрүүгө үндөдү.

Мындай тентирөө жана кечиктирүү күзөтүүчүлөргө жана регион акимдеринин көпчүлүгүнө кудум Америка колун Палестина маселесинен тартып алгандай же ушуга жакындай көрүндү. Албетте мындай нерсе турмуш чындыгына тескери болуп, Америка саясатынын максаттары жөнүндө аз гана билимге ээ болгон кишинин оюна келбейт. Буш 2.02.01де Ак үйдө Мубарак менен биргеликтеги басма сөз конференциясында: «Биз максат үчүн Жакынкы Чыгышта олуттуу алектендик жана ушундай улантабыз. Мамлекеттик катчы эртең менен Шарон менен сүйлөштү жана Жакынкы Чыгыштагы командачылар менен биргеликте сүйлөшүүлөр өткөрүлдү. Мен маселенин тынчтык токтомун кубаттоо жаатындагы аракеттерде активдүү турамын. Мындан

тышкары, бүгүнкү сүйлөшүүбүздүн көпчүлүгү Жакынкы Чыгышта тынчтыкты орнотуу жөнүндө болду… бирок максат үчүн олуттуу аракеттене беребиз. Ал жерде оң натыйжалардын болушу баарыбыздын арзуубуз», - деди. Жана 29.03.01деги басма сөз конференциясында: «Биз Жакынкы Чыгыш маселеси менен олуттуу алектенебиз. Биз узак убакыттан бери командачылар менен байланыштабыз», - деди. Пауэлл 23.02.01де «Жакында ал жерде сүйлөшүүлөр болот. Жалаң гана алдыга жылуудан башка чара калбады… Америка жакында өз сөзүн айтат, мен да өз сөзүмдү айтамын. Президент Буш тез арада олуттуу киришет. Мен да ушундай. Бирок, оболу кээ бир нерселерге жетишүү керек», - деди. Уокер 29.03.01де тышкы иштер боюнча Конгресс комитети алдындагы сөзүндө: «Комитет мүчөлөрү Жакынкы Чыгыштын маанилүүлүгүн, бул батымдуу өкмөттүн ал жердеги кызыкчылыктарыбызды күзөтүп, аларды колдоп-кубаттоого кайтуусунун себебин чукур түшүнүп жетсин. Азыркы өкмөт ишинин мурунку эки айына көңүл коюп кароо бул чындыкты анык кубаттайт. Чет элге биринчи чыгышында эле мамлекеттик катчы Жакынкы Чыгышка барды, ал жерде Египет жетекчилери жана башкалар менен жолугушту. Келерки эки апта ичинде Мубарак… жана Абдулла ар бири Ак үй зыяратына келет. Мамлекеттик катчы алар менен кеңешмекчи жана ал жердеги саясатыбызды көзөмөлдөө аркылуу региондогу абал айланасындагы көз караштарын укмакчы. Албетте саясат иштелип чыгууда. Жакынкы келечекте Жакынкы Чыгыш иштери боюнча алектенүүнү улантабыз. Биз колубузду региондон тартканыбыз жөнүндөгү журналисттердин бал ачуулары таптакыр ката. Америка калкынын кызыкчылыктары аз нерсени талап кылбайт. Биз алдыга жүрүшүбүз жана региондогу достор жана союздаштарыбыз менен биргеликте ал жердеги тынчсыз абалды жоё турган, кызыкчылыктарды жүзөгө чыгара турган жаңы саясатты өркүндөтүшүбүз үчүн өкмөттүн аткаруусуна байланышыбыз керек», - деди. Бул жана мындан башка Жакынкы Чыгыш иштерине этибар берип алектенүүдө Америка саясатынын туруктуулугун кубаттай турган көптөгөн билдирүүлөр бар.

Президент Буш администрациясынын Америка саясатын иштеп чыгышы толук болбогондугуна карабастан, Исламий Үммөттү өлтүрүүчү саясаттын белгилери бир канча орундарда – басма сөз конференциялары, билдирүүлөр, жыйын жана конгресс

межлистеринде жооптуулар тилинде ашкере болуп калды. Алар ыкмаларында мурунку администрациядан айырмалуу болсо да, бирок Исламий Үммөткө ачык душмандык кылууда, мусулмандарга азар берип, аларды кордоого урунууда жана о.э. алардын ашынган душманы жөөт тарабына шерменделерче өтүп алууда мурункусунан коркунучу кем эмес.

Палестинадагы жөөт вужудун чектелбеген өлчөмдө аскердик, финансылык жана саясий кубаттоо, коргоосун камсыздоо, заманбап кыргын куралдарын жеткирип берүү, бардык Исламий калктарга карата анын аскердик бийиктигин сактап калуу – булардын бары мусулмандарды жана алардын кызыкчылыктарын ойрон кылуучу саясаттан. Булар мусулмандарга, айрыкча Жакынкы Чыгышка кол салуучу саясаттын негиздеринен деп этибар кылынат. Буш 20.03.01де Ак үйдө жөөт премьер-министри Шарондун алдынан чыгып: «Бизге эң жакын дос, союздаш мамлекеттин премьер-министрин Овал кабинетинде күтүп алуу мен үчүн сыймык», - деди. Ал 6.02.01де шайлоодогу жеңишине карата айтылган куттуктоо сөзүндө: «Кошмо Штаттар Израилдин 1948-жылы түзүлгөнүнөн баштап эки тараптуу алакаларда бардык жетекчилери менен таштай бекем кызматташтык кылып келет. Кошмо Штаттардын Израил коопсуздугуна жоопкердик абалы да ушул сыяктуу. Менде премьер-министр Шаронго катуу ишенич бар», - деди. Мамлекет катчысы Колин Пауэлл 15.03.01де сенат палатасынын бюджет комиссиясы алдында: «Израил күчтүү шерик жана дос. Израил коопсуздугу Америка калкы жана өкмөтү алдында ар дайым алдыңкы орунду ээлеген. Иш келечекте да ушундай боюнча калат», - деди. Ал 2001-жылы 19-март күнү Вашингтондо Америка-Израил жалпы иштер боюнча алакалар комиссиясындагы (ИПАК) сөзүндө: «Азыр менин көңүлүмдө мындай пикирлер бар. Мен 10 жыл аркага – 1991-жылдын 19-мартына кайткым келет. Мага ошондо ушул кадырлуу уюмга кайрылуу үчүн мүмкүнчүлүк берилгенде төмөндөгүлөрдү айткан элем: Биз Израил менен ал түзүлгөн күндөн бери бирге болгонбуз. Биз Израил менен тарыхы бою бирге болгонбуз. Тамырларыбыз байма-бай байланып кеткендигин изме-из бир канча жолу баян кылып бергенбиз. Демократия жана эркин коом куруу тармагындагы ишенимибизге шерик болгон ар бир улут менен да абал ушундай. Демек, биздин Израил алдындагы жоопкерчилигибиз – Американын бүгүн да, келечекте да Израил

тарабында турушу жөнүндө эч кандай шектенүү болбошу керек. Бүгүнкү күндө бул сөздөр чындык болуп тургандыгын айтып жатканыма сыймыктанамын», - деди. Жана: «Жорж Буш бир жыл мурда, Техас штатынын губернатору болуп турганда бир конференция алдында айтканындай, бул жерде Америка-Израил ортосун байлап тура турган өзгөчө берилгендик бар, мен бүгүн аны экинчи жолу баса белгилөө үчүн турамын. Ал турмуштун бардык тараптарын камтыйт. Бул алака саясий, экономикалык тармактан тартып коопсуздук, сакафат тармактарына чейин бекем. Бул алака эки демократиялык түзүм ортосунда таштай бекем болуп калат. Ал шартсыз, тамыры чукур кең алаканы – тарых, пайда, баалуулуктар жана мабдаларга негизделген алаканы көрсөтөт. Биз Израил жана Израил калкы менен биргеликте бул өзгөчө алаканы сактап калууда бекем турабыз. Израил өтө коркунучтуу региондо жашап жаткандыгын жакшы билебиз. Ушуга караганда, Израилдин аскердик бийиктигин сактап калуу үчүн кымбат баалуу стратегиялык шериктештигибизди күчөтүү максатында бардык ыкмаларды ишке салабыз», - деди. Булар Буштун жаңы администрациясы бийлик башында эки ай отурбастан эле анын жооптуулары ашкере айткандарынын азы гана. Мурунку президент Клинтон жана өкмөт жооптуулары мусулмандардын туйгуларын тебелеген душмандык билдирүүлөрүндө булардан да өтүп кеткен эле. Клинтон 14.08.00до Лос-Анжелесте: «Биз Израил менен бирге болууну улантышыбыз ылазым. Башчы катары жетекчилигим учурунда жана өткөн 52 жыл учурунда ушундай кылдык. Биз албетте Израилге өз коопсуздугун сактап калышы үчүн келечекте жардам беребиз», - деди. Жана ал 17.01.01деги жөөттөргө мактоо жаадырган сөзүндө: «Мен айткандарымды өмүр бою Израил мамлекетине болгон сүйүүмдөн жана чукур жоопкерчиликтен келип чыгып айттым… Америка ал жерде (Жакынкы Чыгышта) дайыма Израилдин коопсуздугун сактап калат деп ойлоймун… 2000-жылдан кийин байыркы мекендерине кайтып келген, арзуу жана түштөрү отто күйүшүнө жакын калган Израил мекендештерине… Израил калкы бир күн келип өзүнүн мекени болушун түшүндө көргөн эле, эми бул түш жүзөгө чыкты… Израил ал жерде (күчкө толгон абалда) калып жаткан душмандарын кармап туруу үчүн жетиштүү күч-кубаттан, тынчтыкты жүзөгө чыгаруу үчүн жетиштүү коопсуздуктан пайдаланбаса – мейли,

толук жакшы ниет менен тынчтык жүзөгө чыкса да – таптакыр ал региондо туруктуу тынчтык болбойт. Анығы, мына бул нерсе Кошмо Штаттарды Израилди аскердик жагынан сапаттуу бийиктикке көтөрүү зарылдыгына үндөй турган себеп», - деди. Булар жооптуу адамдар бир нече келишүүлөрдө ашкере сүйлөгөн нерселердин деңизинен тамчы гана. Бул нерселер мусулмандарга кыянат кылган, миллиондогон шейиттерди өлтүрүп оор мурас калтырган, ачкөз, ыпылас душманга малайлык кылып, үммөт кызыкчылыктарын сатып жаткан малай акимдер менен эсептешүүгө жетиштүү деп ойлойбуз!!! Демек, Исламий үммөт перзенттерине бул душман менен мамиле кылуу үчүн душмандыкты бекем негиз кылып алып, ага ушул көз караштан караш важып, себеби, мунун тескериси тагдыр чечүүчү маселеге кайдыгер болуу жана Аллага, Расулуна жана мусулмандар жамаатына кылынган кыянат болуп саналат. Казармаларда жаткан аскерлерге – үммөттү коргоо үчүн козголуу жана үммөт тизгинин мына бул душман менен анын малайларынан тартып алуу важып, аларга – акыретин матага же Расулулла назарында кадыры жок мартаба-ордендерге сатып, үйлөрүн үммөт зыянына тил бириктирүү үчүн ийин кылып алган залимдердин үйлөрүн коргоочу болушу мүмкүн эмес.

Буш өкмөтү Исламий үммөт кызыкчылыктарына коркунучтуу жараянды ачып берип жатат. Аларды саткын Мубарак жана бир ууч долларга сатылган Британия малайы Абдулла аткарууда. Колин Пауэлл 24.02.01де Каирде Амр Муса менен биргелешкен басма сөз конференциясында: «Президент Буш менден Жакынкы Чыгышка болгон сапарымда – бир нече кыйын маселелер айланасында президент Мубарактан кеңеш алуу үчүн – Египетти биринчи зыярат кылышымды талап кылды…», - деди. Мубарак 2.04.01де Ак үйдө Буш менен биргелешкен басма сөз конференциясында: «Жакынкы Чыгышка тиешелүү бардык маселелерде, айрыкча Жакынкы Чыгыш проблемасынын Палестина маселеси жаатында аны (Буш) менен бирголикте иштөөгө катуу кызыгуум бар… Тез, күч менен иштейбиз. Башкы оюнчу болгон Кошмо Штаттар менен кызматташтык кылабыз…» - деди. Мубарактын моюн сунуучандыгын караңыз, ал басма сөз конференциясында Буштун англис тилиндеги: «Жакын арада тараптарга белгилүү бир чечим жүктөйбүз. Сүйлөшүү үчүн бири-бири менен отура турган даражада абалды оңойлотобуз» деген

сөздөрүнүн дал өзүн кайталады. Уокер 29.03.01де Конгресс комиссиясы алдында: «Биз Египет менен биргеликтеги ишеничтүү байланыштарыбызды жана саясий, аскердик жана экономикалык кызматташтыгыбызды жогору баалайбыз. Биз Египетке сунуш кылып жаткан жардамдар Кошмо Штаттарга активдүү союздаш болууга, аскердик кубатты тикелөөгө о.э. экономикалык түзүмгө оңдоолор киргизүүгө жардам болгондуктан, президент Буш аны толук кубаттап жатат. Египеттин Жакынкы Чыгыштагы жетекчи ролу ал мындан 20 жыл мурда Израил менен тынчтык келишимине кол койгон араб мамлекети болгонунда толук көрүнгөн эле. Экинчи жолу 1991-жылы Кувейтти Ирак баскынчылыгынан азат кылуу үчүн мамлекеттер аралык союз түзгөнүбүздө (!) көрүндү. Бүгүнкү президент Мубарак региондо тынчтыкка чакырып жаткан кишилердин ортосунда борбордук милдетти ойноодо жана Израилге каршы катуу колдук чакырыктарын «жөөттөрдү өлтүрүүгө жана нефтини курал кылып иштетүүгө болгон чакырык» деп, аны ашкере айыптоодо. Ал Америка товарларын бойкот кылууга каршылык билдирип сүйлөдү жана жакында Коопсуздук кеңешинде тең салмактуулукту сактап калуу үчүн болгон аракеттерибизди кубаттады!» - деди. Жана дагы: «Урдун, Египет тынчтык издөөдө негизги орунду элөөдө. О.э. Кошмо Штаттарга жакшы шерик Урдун тынчтыкты кубаттоочу, орто жол тутуучу негизги союздаш!…» - деди. 11.04.01де Абдулланын зыяратына карата жогорку мансаптагы жооптуу адам (атын айтпоону талап кылган) Ак үйдө басма сөз конференциясын уюштуруп, анда: «Урдун Кошмо Штаттар жана регион үчүн эң маанилүү шерик. Жакынкы Чыгышта тынчтык орнотуу аракеттеринде анын салмактуу ролу бар… Ал (Президент Буш) да Урдун бир нече жылдан бери тынчтыкка жетишүүдө сунуш кылган нерсени өтө урматтайт!… Президент жардам берүү, колдоп-кубаттоо жана террорго каршы күрөшүү пландары катары Урдун сунуш кылган жардамга өз ыраазычылыгын билдирди», - деди.

Америка саясаты күзөтүү, үйрөнүү жана пландаштыруу баскычында Жакынкы Чыгыш регионун дүйнөлүк кеңири камтуучу көз караштан үйрөнүп чыгып жатканы көрүнүп жатат. Колин Пауэлл 17.01.01де сенат тышкы иштер комиссиясы алдында: «Күчтөрүбүздү регионго тынчтыкты сактоо үчүн эле эмес, балким туруктуу жайгаштыруу үчүн киргизип жатабыз. Биз региондо кеңири камтуучу чечим жүзөгө келтирүү үчүн көп тараптуу иш

алып баруугa даярбыз. Израилдин тынчтыгы бардык кошуундардын тынчтыгы болуп саналат. Алардын ичинде Сирия да бар. Себеби, биз Израилдин Ливандан чыгып кетиши себептүү жүзөгө келген кырдаалда өз саясатыбызды кайра көрүп чыгууга муктажбыз», - деди. Жана ал 11.02.01де Американын CBS, CNN телевидение тармактары менен учурашканда: «Тез арада Жакынкы Чыгышта тынчтык амалиятын тажрыйбадан өткөрөбүз. Ал чындыгында кеңири регионалдык агымда иштелип чыккан», - деди. Ал 23.02.01де Каирге сапары учурунда: «Эң маанилүү нерсе, иштерибиз Кошмо штаттарга байланыштуубу, же Израил, Газа, Батыш жээк, регионалдык аралык күчтөргө байланыштуубу, же Египет, Саудия жана башка жерлердеги экинчи даражалуу байланыштарыбызга байланыштуубу, регионалдык алкакта аларды бири-бири менен байланыштуу кылып коюушубузду аныктап алуу», - деди. Уокер Конгресс комитети алдында: «Жакында бул администрация бүткүл регион менен толук мамиле кылат. Албетте, өзгөчө маселелер ичинен да ар тараптуу мамиле кылуу керек болгон маселелер да бар. Бардык керек нерсени кылабыз жана мавжуд маселелер жөнүндө региондогу кызыкчылыктарыбызга тиешелүү бардык нерсени айтабыз. Ушул себептүү, Жакынкы Чыгышка байланыштуу маселелерди үйрөнүп жатканыбызда кеңири камтуучу жолду кабыл алууга аракет кылабыз…», - деди. Жогорку мансаптагы жооптуу адам 11.04.01де Ак үйдөгү басма сөз конференциясында: «Биз азыр региондогу абал жарылып кетиши мүмкүн экенин жана маселенин чиелигин түшүнүп алганбыз деп ойлоймун. Ошондуктан, Буш администрациясы бардык чиелик жана аралашууларды билип алып, региондогу саясаты үчүн кеңири камтуучу багыттар иштеп чыгууга урунууда».

О.э. Ак үй шайтандары жаңы администрация сабында регион жана башка жерлердеги бардык малайларын сапарбар кылууга кепил боло турган ыкма жана пландар даярдашууда. О.э. алардан башка малайларды да өз пайдаларын жүзөгө чыгаруу үчүн бири-бирине ээрчиме бир нече келишүүлөргө киргизүү максатында план түзүүдө. Исламий калктар баштан кечирип жаткан кыргын, жакырчылык, кедейликтерди камтыган кыйын сунуштар да алардын пайдасына каратылган. Чоң Буш да 1991-жылы экинчи Булуң согушуна дүйнө аскерлерин жыйган кезде дал ушундай кылган эле. Натыйжада Булуңга Америка өз таасири жана өкүмдарлыгын жайды жана куурчак мамлекеттерди ыкчам

аскердик күчтөрүнө базалар кылып алды, аларды сыноо үчүн жана пландуу аскердик машыгуулар өткөрүү үчүн майдан жана куралдарга кампа кылып алды. Ушул себептен улам, өткөн кылымдын 70-жылдары баштарынан олуттуу нефть булактарын колго алып, оңой талап-тоноо максаттарына жетишти о.э. миллиарддаган долларларга тең Ирак аскердик өнөр жай ишканаларын урандыга айлантып, экинчи жолу тикеленбеши үчүн бекем күзөт орнотту. О.э. 1991-жылы шумдуктуу Мадрид конференциясынан баштап кыянатчыл «тынчтык» пландарын Жакынкы Чыгышка кең ачып жиберди, региондогу Исламий калктар ортосунда бөлүнүү, жакалашуу согушун экти жана капыр батыш мусулмандар өлкөлөрүнүн жүрөгүнө эгип койгон жөөт вужудуна каршы күрөшүү жана аны омкоруп таштоонун ордуна өздөрү менен өздөрүн алек кылып койду. Бул калктар бүгүнгө чейин мындай жийиркеничтүү келишүүлөрдүн азабын тартып келүүдө. Энтони Курдсман бул иштерди 1.03.01де сенаттын тышкы иштер комиссиясы күбөлүгүндө мына минтип сыпаттап берди: «Мына он жыл болду, Буш бийлиги астында Жакынкы Чыгышка тиешелүү тышкы саясаттагы чоң кризистен чыккан элек жана анда экинчи дүйнөлүк согуштан берки эң улуу утуштарга жетишкен элек…».

Ал эми Палестина проблемасына карата Клинтон администрациясы кеңири камтуучу так кесер чечим берүүгө аракет кылды т.а. Куддус, чегаралар, коопсуздук, эмигранттар, жаңы кыштактар ж.б. маселелерге «Дайымий туруксуздук маселелери» аттуу чечим берүүгө аракет кылды. Булар 1993-жылдагы Осло жана 1998-жылдагы Вайт-Ривер кыянатчыл келишүүлөрүндөгү тексттер. Клинтон президенттигинин акыркы күндөрүндө жөөттөрдөн жана Палестина саткындарынан турган жардамчылары ортосунда келишүү бүтүмүн түзүүгө өлүп-тирилип аракет кылды, бирок максатына жете албады. Анын чечимдери башкарууда Ликуд партиясы болуп турганда да Кемп Девидде жетишкен нерсесин кабыл кылбаган жөөттөр тарабынан инкар кылынды. О.э. Клинтон Арафат менен биргеликте козголоңду токтото албай, өз абалына таштап коюшунда убакыт аздыгынын чоң таасири болду. Аны токтотуу үчүн бүткүл таасирин, катуу кысымдарды колдонгону жана ЦРУ директору Жорж Тенетти Египет разведка башчысы, жөөт жана Палестина өкүлдөрү менен биргеликте проблеманы чечүү үчүн жибергендиги да бекер кетти.

Клинтон 17.01.01де Нью Йорктогу узун сөзүндө: «Эми алдыбызга койгон ишибиз эмне? Албетте, эң биринчи даражалуу иш – зомбулук, зордукчулук деңгээлин төмөндөтүү», - деди. Президент Клинтондун Жакынкы Чыгышка тиешелүү өкүлү, эң назик сүйлөшүүлөрдөн көбүрөөк кабардар саясатчы Деннис Росс 16.01.01де журналисттер менен учурашуусунда: «Чындыгында, күч иштетүү көп шарттарды жаратты, ошондуктан, аны менен бүтүмгө кол коюу кыйын болуп жатат» - деди. Жана: «Израил калкы да, өкмөтү да зордукчулукта чукур кеткендигине, тизгинди эркин коё бергенине жана акыбетте келише албашыгына көзү жетип турат» деди. Мурунку жөөт премьер-министри Барак Клинтон саясатына абдан шайкеш жүрчү о.э. Палестина саткындары менен келишүү аракетинде олуттуу эле. Росс ошол учурашууда: «Барак өзүнө Рабин пландары негизинде план түзүп алды. Ал тарыхий токтомдор кабыл кылууга даяр эле… Ага бул оңой болбоду… Барак Кемп Девиддеги жыйындарга ишара кылып, ал козголоңду бүтүрүү мүмкүн болгон ирмем эле деп ойлоду. Биз да козголоңду бүтүрүү мүмкүн болгон ирмем деп ойлодук. Мен төрага Арафатты да ушундай ойлогон деп ишенем», - деди. Бирок жөөттөр Кемп Девид конференциясынан кийин катуу сындоолор жаадырды, ал жөөт кызыкчылыктарына суздук кылганы үчүн чоң кыянат катары айыптоо даражасына чейин жетип барды. Ал жөөттөрдү артынан ээрчите албай калды калды жана Ликудду кошуп ала турган коалициялык өкмөт түзүүгө алсыздык кылып калды. Натыйжада, массалык чабуул алдында карманган позициясы күчсүздөнүп, мындай өтө тездик менен түшүп бара жаткан позициясын күчөтүү максатында ал жалпы шайлоо өткөрүүгө мажбур болду. Мында да зыян көрүп, Шарондун алдында 25%га жеткен айырма менен шерменделерче чегинди. Мурун бир да башчы мынчалык шерменде болбогон, бул жөөт вужуду тарыхында эң аз добуш алуу көрсөткүчү болуп калды. Барак Европага, айрыкча Франция жана Британия сыяктуу чоң мамлекеттерге сапар кылганында, алар аны бул аракеттеринде кубаттап, мындай маанилүү ишке эң ылайыктуу адам деп билишчү. Тони Блэр 21.07.99да Лондондо Барак шайлангандан эки айдан кийин өткөргөн басма сөз конференциясында: «Мен бул кишинин Израил премьер-министри катары аткарган нерселерине таң каламын жана кылып жаткан бардык иштерин колдоп-кубаттаймын… Биз максатыбыз жолундагы кыйын жана маанилүү

шарттар алдында турабыз, бирок Баракдай узакты көрө билген киши тынчтык амалиятында жүрүүгө кудуреттүү, ылайыктуу адам деп билем… Бул жааттагы биздин позициябыз толук колдоп-кубаттоо деп этибар кылынат… Ал дүйнөдө бардык адамдарга мүмкүн болушунча тезирээк жылууга аракет кылгандыгы себептүү таасират калтырды деп билемин», - деди. Кемп Девидде Европа мамлекеттери Америка аракеттерине каршы үлкөн тосук койгонун көрүп, Барак Европа толук план жаратты деген тыянакка келди жана акыбетте, жаман көрсө да, толук рол Американыкы экендигин биле албады.

Президент Буш ушул жылдын башында бийликти колго алган кезде, өкмөттөгү жооптуу адамдарды кызматына коюп жатып, мурунку администрация Жакынкы Чыгыш жаатында жетишкен нерселерге байланып калбастыктарын жана президент Клинтондун бул туурасындагы пландары аларга мажбурий эместигин жарыя кылды. Пауэлл 11.02.01де президент Клинтон үгүттөгөн резолюция жөнүндө телевидение тармактарына мындай деди: «Алар анын жекече көз карашы. Администрациянын көз карашы мындай, биз регион жетекчилери менен иш алып барышыбыз керек. Биз аларга кылынышы ылазым болгон нерсе жөнүндө кабар берүүнүн ордуна аларды сүйлөшүүлөр учурунда биз көздөгөн орунга колдонушубуз керек. Себеби, регион калктары, Куддус, кайтып келүү укугу, эмигранттар каерге барышы жөнүндө президент Клинтон өкүм чыгарбайт. Демек, булар калктарды мажбурлоо үчүн  Америка туткан орун эмес, балким сүйлөшүүлөр учурунда өздөрү жетишкен өз зыяндарына болгон орундар», - деди. Жана телевидениенин: «АКШ өкмөтү Израилдин мурунку өкмөтүнүн абалдары Израил өкмөтү үчүн дайымий абал деп этибар кылабы?» деген суроосуна мындай жооп кайтарды: «Жок, андай эмес. Чындыгында, премьер-министр Барак өзүн күрөштөн четке алды. Алар мурунку Америка президенти Клинтон тарабынан кабыл алынган сүйлөшүү абалдары эле. Президенттин мөөнөтү бүткөндөн кийин президент да, резолюциялар да кетти». Жаңы администрация Клинтон пландары мукабылында өз абалын жарыя кылуу менен жаңы пландарын жарыя кылбады. Буш администрациясынын Жакынкы Чыгышка тиешелүү билдирүүлөрү көптүгү о.э. бул маселеге жаңы администрациянын мамилеси себептүү Вашингтонго сапар кылган башка мамлекеттердин жетекчи жана министрлери менен

талкуулашуу, журналисттер менен жолугушуулардагы жалпы билдирүүлөр – Клинтон жана анын администрациясы үчүн биринчи орунду ээлеген маанилүү маселелерге – этибар бербей тургандай көрүнүүдө. Мисалы, президент Буштун 23.02.01де Британия премьер-министри Тони Блэр менен өткөргөн жалпы басма сөз конференциясы да, билдирүүсү да бул туурасында бир да нерсени өз ичине алган жок, балким Ирактан тышкаркы Жакынкы Чыгыш туурасында сөз сүйлөнбөдү. Негизи, Блэр журналисттерге: «Биз кең көлөмдүү маселелерди талкууладык. Биз силер көздө тутуп жаткан маселелердин баарына, алардан көбүрөөгүнө да этибар караттык деп ойлоймун», - деген. Мунун себеби, жооптуулардын билдирүүлөрүнөн билингендей, администрация Клинтон доорунда аткарылган иштерди кайрадан баалап чыгып, региондо жүзөгө келген өзгөрүүлөр менен бирге жүрө турган жаңы саясатты өнүктүрүшү эле. Арийне, бул саясат борборунда жөөттүн жаңы өкмөтү басып алынган Палестина жеринде өкүм жүргүзүшү да бар.

Бирок, жаңы өкмөттүн Клинтон пландарынан баш тартышы жөнүндөгү жарыялары жаңылык иш эмес жана жаңы саясатты да түшүндүрбөйт, себеби, Клинтон жана анын администрациясы Буш жана анын жооптуулары айтышынан кыйла мурдарак эле муну жарыя кылган эле. Клинтон 25.07.00де Кемп Девид конференциясы бүткөн күнү мындай деген: «Иш эрежелерине ылайык, ар бир нерсеге келишилгенден кийин гана бирер ишке толук келишилет. Булар биз бул жерде бирер келишүүгө жетишпегенибиз себептүү жогорку деңгээлде талкууланган резолюцияларга байланыштуу эмес. Албетте, негизги проблемалар айланасында сезилерлик жылыш жүзөгө келди». Ага 11.01.01де тараптарга сунуш кылган резолюциялар жөнүндө суроо берилгенде, төмөндөгүчө жооп берди: «Эми ал жерде келишүү болбосо, Кошмо Штаттар өкмөтү өзү кабыл кылган позицияларга байланып калбайт. Жана келеркидеги ар кандай Израил мамлекети да байланып калбашы анык… Биз тышкы саясаттагы кээ бир уланыштуулукту жана өтө сейрек абалдардан сырткаркы башка мамлекеттердеги жоопкерчиликтерибизди сактап калышыбыз өтө маанилүү деп ойлоймун… Бирок шайланган президент Буш, ырас, ал жерде бирер келишүү болбогон соң, Жакынкы Чыгыш келишүүсүнө тиешелүү кабыл кылган позицияларга форма жагынан да, мазмун жагынан да байланып

калбайт». Клинтондун улуттук коопсуздук боюнча кеңешчиси Санди Бергер учурашуудан кийин 3.08.00де: «… Президент биринчи күндөн баштап иштин кээ бир негиздерин белгилеп берген, аларды басма сөзгө таптакыр ашкере кылбайбыз… Экинчиден, ар бир нерсе аныкталып-такталмайынча бир нерсе аныкталбайт жана бул нерсе сүйлөшүүлөр учурунда коопсуздук кызматтары жетекчилиги тарабынан анык түшүнүлдү. Тараптардын бирөөсү кээде бирер нерсени сунуш кылып, кийин андан баш тартчу. Ушуга ылайык, израилдикпи, палестиналыкпы – алар Кемп Девидде ээлеген позицияларына мыйзамдык же адабий жактан байланып калган деп ойлобоймун», - деди. Деннис Росс 19.01.01де журналисттер менен жолугушууда: «Жаңы администрация Клинтон алдыга сүргөн бул пикирлерге мазмун жагынан да, форма жагынан да чектелген эмес», - деди. Барак учурашуу аягында уюштурган басма сөз конференциясында: «Ар бир нерсеге толук келишилгенден кийин гана бир нерсеге келишүү мүмкүн болот», - деди.

Буш өкмөтү региондогу окуяларга карата – тышкы иштердеги эң маанилүү эки адам Пауэлл жана Уокер түшүндүрүп берген – мабдаий көз караштан туруп мамиле кылып жатканы көрүнүп турат. Себеби, Пауэлл 19.03.01де ОПЕК алдындагы сөзүндө: «Америка өкмөтү Жакынкы Чыгышта ушундай абалды мурас кылып алды дейсиң, сөздүн ордун ок-снаряддар ээледи. Сүйлөшүүлөр баалуулугун жоготту. Израилдиктерге Кемп Девид сүйлөшүүлөрүнүн жеңилишиндеги жана анын артынан зордукчулукту улантуудагы таасири мындан да каргашалуу болушу мүмкүн эмес эле… Жекече коопсуздук күчсүздөндү. Экономика сезилерлик көрүнүштө ылдыйлады. О.э. палестиналыктарга да таасири каргашалуу болду… Палестина экономикалык жактан изден чыкты, себеби, жумушсуздук көбөйүп, өсүш токтоду. Ички жана тышкы жабык иш-чаралар табигый аракетинен токтоду. Анык натыйжа – израилдиктер палестиналыктар менен тынчтык пландарына жетишүү мүмкүн экендигине шектенүү менен карай турган болду. Палестиналыктар да Израил менен тынч-таттуу жашоосу алардын саясий максаттарына ылайык болушунан шектене башташты», - деди. Жана: «Биз бул суроолордун жооптору тескерисинче болушуна жол бербешибиз керек. Ал регионго каргаша болуп калат. Мен сыйкырчы эмесмин. О.э. колум менен абалды солго буруп жибере албаймын. Бирок аткарышым

мүмкүн болгон нерсе, президент Буш башчылыгындагы Кошмо Штаттардын Жакынкы Чыгыш туурасындагы туура ыкма болгон негизги пикирин т.а. тынчтык учурларын уланымдуу кыла турган пикирлерди ортого таштоо», - деди. Уокер 29.03.01де Конгресс комитети алдында ушул баалоосун кыскача кайталады: «Өткөн алты ай аралыгында Израилде, Батыш жээкте жана Газа секторунда зордукчулук даражасы ашкандыгы күзөтүлдү. Чындыгында, ушул зордукчулук тынчтык борборлошушу керек болгон имараттын эки тараптуу ишеничтүү негиздерин талкалады. Израилдиктер палестиналыктарды өздөрү менен тынч-таттуу жашоого, зордукчулукту таштоого даяр деп ойлобой коюшту. Палестиналыктар да израилдиктерди өздөрү урматтай турган шерик катары ынсаптуу мамиле кылат деп ойлобой коюшту». Жана: «Мамлекет катчысы Пауэлл Жакынкы Чыгышка сапары учурунда Израил-Палестина жетекчилери жана башкалар менен жолугушканда ушул темага кайтты. Президент Буш региондогу жетекчилер менен жолугушуулар, баарлашуулар учурунда дароо абалды көздөн кечирип чыгат», - деди. Жана ал 21.03.01де Вашингтон институтунда: «Биз өкмөттө күтүлбөгөн абалга – зордукчулук өкүмдар болгон абалга туш келдик. Мындай абалда сүйлөшүүлөр күтүлгөн натыйжага жетишинен үмүт үзүлдү жана өз багытына кайтуу үчүн имаратты тикелөө иш-чарасы күтүлүүдө». Жана: «… Президент биз натыйжалуу сүйлөшүүлөргө негиз коюшубуз керектигин сезип жатканыбызды анык түшүндүрүп берди жана аны бир нече орундарда кайталады», - деди.

Пауэлл Буш доорунда Кошмо Штаттардын Жакынкы Чыгыш туурасындагы багыты деп ишара кылган негизги пикирлер жана Уокер президент Буш жана мамлекет катчысы Пауэлл жүргүзүп жаткан багыт деп айткан негиздер бири-бирине жакын. Алар:

1. Биринчиси жана эң маанилүүсү – зордукчулук токтотулушу керек;
2. Табигый экономикалык турмуш кайтарылышы керек;
3. Зордукчулукка үндөө - сөз менен болобу, иштер мененби, токтотулушу керек;
4. Эки тарап тең бир тарап экинчи тарапты мыйзамсыз акаарат кыла турган бир тараптуу иштерден баш тартышы керек, айрыкча мына ушундай кыйын убакыттарда;
5. Израилдиктер жана палестиналыктар бардык пландарга жана эки тарап ортосунда келишилген саясий, экономикалык жана

саясий пландарга алып бара турган бекем келишүүгө кайтышы керек;

6. Кошмо Штаттар эки тарапка тең тынчтыкка карай болгон аракеттеринде активдүү кубаттоону сунуш кылууга даяр: «Биз иштей беребиз, бирок сүйлөшүүлөрдө эки тараптын бирөөсүнүн пайдасына таптакыр шерик болбойбуз. Биз чечимди мажбурлабайбыз, Кошмо штаттар катуу туруп алууга эмес, жардам берүүгө даяр».

Бул Буш өкмөтү Палестина маселесинин абалын жана анын иштери азыркы баскычта айланып жаткан огун баалап чыгарган тыянагы. Мындай баалоонун Клинтон администрациясы жетишкен жана жооптуулардын тилдеринде көп кайталанган нерседен айырмасы жок. Муну далилдөө үчүн көп далилдерге кажет жок жана окуялар агымын аз эле күзөткөн адамга сыр эмес. Бул жаатта эки администрация ортосундагы айырма мындай, жаңы администрация иштери баалоо айланасында айланат, негизи, мурунку администрация иштери акыркы күндөрдө Осло жана Вайт-Ривер учурашууларынын текстинде келген жана «Биротоло чечим маселелери» деп аталган нерсеге багытталган эле. Демек, жаңы администрация маселелердин өзгөчө орундарына этибар каратпаганды жана аны талкуу ордуна койбоду. Негизи, Европа бул маселелер талкуусун кечиктирбестен баштоо зарыл деп катуу турган. Айрыкча, ал Американын катышуусусуз болуп өткөн Осло конференциясында ушундай кылды, себеби, америкалыктардын аракеттери туруксуз абалдарды дароо бастырууга, ылайык деп табылган учурда биротоло чечим талкуусу үчүн ылайыктуу чөйрөнү пайда кылууга үндөйт. Жаңы администрация Клинтон жетишкен нерсени текшерип чыгып, ал аягына жеткендигин көрдү о.э. жөөт өкмөтүнүн өзгөрүшү көздө тутулган, жаңыланып турган шарттарга регион калктарын даярдоодо жетишилген жана өзү иштеп чыккан чечимдерди кабыл алууга т.а. «Тынчтык үчүн кең эрежелерди түзүүгө» ылайык саясат иштеп чыкты. Буш 29.03.01деги басма сөз конференциясында: «Ал жерде тынчтык орношу үчүн бул өлкөгө «Тынчтык үчүн кең эреже» деп аталган нерсени иштеп чыгуу керек... Биз ошол тынчтык эрежесин тикелешибиз үчүн көп иштерди ишке ашырышыбыз ылазым. Ошондуктан, жакында тынымсыз иш баштайбыз», - деди. Шарон менен бирге 20.03.01деги басма сөз конференциясында: «Бирок, мен жакында кылмакчы болгон иштердин бири тынчтык гүлдөп-

өсүшү мүмкүн болгон чөйрөнү жаратуу үчүн өзүмдөгү бардык күчтү жумшоо», - деди жана мына ушул конференциянын өзүндө: «Мен премьер-министрге мамлекетим Жакынкы Чыгышта тынчтык негизин орнотууга, Жакынкы Чыгыштагы башка мамлекеттер менен биргеликте аракет алып барууга жана тынчтык үчүн ыңгайлуу убакытты камсыздап берүүгө катуу иштешин баса белгиледим», - деди. Жана Египет президенти Мубарак менен 2.04.01де өткөргөн басма сөз конференциясында: «Биз жакында тынчтыкка жетишүүнү жеңилдетүү үчүн таасирибизди эң жогорку мүмкүнчүлүктө ишке салабыз жана мунун бир бөлүгү Жакынкы Чыгышта тынчтык үчүн күчтүү пайдубалды курууга арналат. Албетте, биз үчүн ушул орунда эң маанилүүсү Египет, Иордания жана Жакынкы Чыгышта тынчтык орношуна кызыкдар башка өлкөлөр менен бекем алакалар орнотуу. Бирок, биз эң активдүү катышуучу болуп калабыз». Жана ал Иордания акими Абдулла менен 10.04.01де өткөргөн басма сөз конференциясында: «Биз бир нече темаларда талкуу жүргүздүк. Биз сөзүбүздү Жакынкы Чыгышта тынчтык пайдубалын бекемдөө үчүн биргеликте кандай ишти ишке ашырышыбыз керек деп баштадык», - деди. Жогорку мансаптагы жооптуу адам 11.04.01де Ак үйдө: «Жана силер билгениңердей, президент региондогу бир нече шериктерибиз менен кеңешти. Алардын ичинде Шарон… жана Мубарактар бар эле. Бул кеңештер учурунда биздин туткан ордубуз аныкталат, бирок, максатыбыз сакталып калат. Ал максат, президент айткандай, тынчтык үчүн пайдубалы кең, күчтүү имарат курууга аракет кылуу», - деди. Уокер 29.03.01де: «Бул администрация бийликке келгенден тартып эки тараптын тең каршылыктарын токтотууну камсыздай турган чөйрөнү даярдоого, коопсуздук жана ишенични кайтарууга урунууда», - деди. Ак үй атынан сүйлөөчү басма сөз катчысы Ари Флейшер 19.04.01де: «…Президент Жакынкы Чыгыштагы тараптар келишүүлөргө Кошмо Штаттардын жардамы менен кирип барышын колдойт деп үмүт кылууда», - деди. Бул багытта Америка Мубарак, Фахд, Хотамий жана башка малай акимдерди жыйып, ишке салат о.э. Иордания акими Абдулла жана Булуң акимдерине окшош малайларга «тынчтык»тын кыянаттуу планын ашкере үгүттөтөт жана адаштыруучу маалымат каражаттары аркылуу палестиналык саткын жетекчилер менен менен жөөттөрдү сүйлөшүүлөр столуна жыйноону оңойлоштурат. Америка иш эки тараптын ортосунда

гана болуп, малайлар күзөтүүчү гана болушуна чектелбейт. Ошондуктан, ал малайлар аркылуу Исламий калктардын тизгинин колго алууга жана алардын Палестинадагы боордошторуна жардам берүүгө аракеттенишин тосууга катуу киришет. Мубарак Америкадан кайткандан кийин ушул саясат себептүү күчүнө кирип, чыгыш-батыштагы бардык мамлекет жана мамлекетчелерди тынчтыкка чакыра баштады. Ал Европага, Россияга барды. Жакында ушул максатта региондор жана мамлекеттер аралык жолугушуулар түрмөгүн өткөрмөкчү. Иордания акими Абдулланын вазири ал-Хатиб Абданлиилах Америка жооптуулары менен жолугушуу өткөргөндөн кийин жөөт вужудуна сапар кыларын жарыялаганы ушулар катарынан. Ал АКШдан кайткандан кийин ыплас сапар уюштурду. Ал Газа, Халил, Рамалла жана Наблус шаарларында кандар дарыя болуп агып жаткан бир учурда жөөт акимдери бирге менен тыржыйып сүрөткө түштү. Сарай уламалары мусулмандардын жөөт менен согушуусу өзүн-өзү өлтүрүү болуп, ала арам деп чыгарган саясий фатвалары да ушулар катарынан. Буш 29.03.01деги басма сөз конференциясында: «Биз регионго тынчтыкты орнотуу аракетиндебиз. Бул көп тараптуу аракетти талап кылат. Биздин ордубуз маанилүү экендиги анык. Башка улуттар менен да абал ушундай. Мен Мубарак… Абдуллалардан канааттандыруу аракетине тартуу үчүн, айрыкча Арафаттан да палестиналыктар түшүнө турган тилде зордукчулукка каршы ачык сүйлөшүү үчүн сапарларын күтүп жатамын», - деди. Пауэлл 19.03.01де: «Регион жана анын сыртындагы мамлекеттердин ушул шартта израилдик жана палестиналыктар үчүн туруктуулук орнотууда өзүнө таандык өзгөчө ролу бар. Бул мамлекеттердин чакырыктары муътадил (мээлүүн) болушу, реалдуулукка жана прагматизмге чакырышы, мамлекет жетекчилери ээлеген өңүттөрдү толук кубатташы зарыл. Эң маанилүүсү, сөздөрү иштерине дал келсин. Мен, мисалы, бирер араб мамлекетинин Израилде туруктуу элчиси жоктугуна ишара кылып жатамын. Бул өтө өкүнүчтүү иш», - деди. Жана дагы 23.02.01де: «Жетекчилер менен мамлекет башчыларынын алдыга жүрүүлөрү, жоопкерчиликти моюнга алуулары жана өздөрүнө тиешелүү жерлерде зордукчулукту токтотууну ачык айтуулары зарыл. Биз эки тараптуу коопсуздукка кайтышыбыз керек…», - деди.

Америкалыктар зордукчулук деп жаткан нерсе азыркы кезде регион жана башка мамлекеттер акимдери менен болгон

сүйлөшүүлөр жана аракеттеринде зор мааниге ээ болууда. Айрыкча, Клинтондун акыркы күндөрүндө, жаңы өкмөт келген азыркы күндөрдө да алар козголоңду токтотууга алсыз болуп калды. Негизи, алар аны токтотуу үчүн күчтүү таасир, тынымсыз кысым жана мамлекеттер аралык аракеттерди ишке салып, бар күчтөрүн сарптоодо. Мындай жогорку деңгээлдеги активдүүлүктүн себеби - Америка айтып жаткандай – балдар жанынын, бейкүнөөлөр канынын коопсуздугу эмес, балким өз кызыкчылыгы. Советтер Союзу жемирилгенден кийин эркин дем алып, кайраттанган башка колонизатор мамлекеттер – жалпысын алганда Европа союзу т.а. ачкөз Британия жана Франция атаандаштарынын региондогу таасирин тартып алуу жана ал жердеги жүздөгөн малай акимдерди өз карамагына алуу. Ошондуктан «регион туруктулугу» аны тынчсыздандырган иштерге айланды. Буштун жаңы өкмөтү туруктуулукту кайтарууга тез аракет кыла баштады. Уокер бир жерде козголоңго мамилени: «Анын акыры аягында келтире турган нерсеси ашыкча кысымга себеп болот. Демек, Жакынкы Чыгыштагы бийликтин ээрчиме түшүнүктөрүн сактап калуу эми кыйын болот», - деди. Жогорку мансаптагы жооптуу 11.04.01де Ак үйдөгү басма сөз конференциясында: «Биз региондогу абалдын жарылып кетүү мүмкүнчүлүгүн түшүнүп жатабыз деп ойлоймун…», - деди. Пауэлл Конгрессте: «Жакынкы Чыгыш коркунучтуу регион, ал жерде туруктуулук орношу үчүн биз эки ишти аткарышыбыз керек – зордукчулук баскычы багытын буруп жиберүү жана Израил калкынын коопсуздугун камсыздоо. Мен ал жерден Америкага каршы душмандык маанайды сезип жатамын. Силер жакында бул мамлекет Жакынкы Чыгыш жана Перс булуңуна байланыштуу маселелерге чоң өлчөмдө көңүл бургандыгынын күбөсү болосуңар…», - деди. Жана дагы 19.03.01де: «Зордукчул тараптар региондо жүзөгө келтирүү арзуу кылынып жаткан нерселердин жемирилишине салым кошууда. Зордукчулукту каралоо, аны мыйзамдуу ыкмалар катарынан чыгарып токтотуу жоопкерчилиги жетекчилер мойнуна түшөт…». Жана: «…Чындыгында, кааласак да, дүйнөнүн ушул бөлүгүнө аркабызды сала албайбыз. Ал жерде Американын үлкөн кызыкчылыктары бар. Кошмо Штаттардын Израил коопсуздугунда тагдырий кызыкчылыгы бар. О.э. ал жерде тагдырий стратегиялык жана экономикалык кызыкчылыктар бар... Биз бул кызыкчылык жана этибарлар израилдиктер жана

палестиналыктар кабыл кыла турган тынчтык жараянына жооп катары жүзөгө келишин жакшы түшүнөбүз», - деди. Клинтон 11.01.01де: «…Палестиналыктар менен келишүүнүн болбошу жана Израил-Палестина ортосундагы туруктуу абалдын болбошу – албетте бул башка өлкөлөргө жана алардын биз менен байлануу кудуретине узак убакытка таасир кылат. Айрыкча, бул жерлерде өтө көп жаштар бар, алар бири-бирине болгон боордоштук туйгулары негизинде башкарылууда. Алардын туйгулары палестиналыктардын калоолору үчүн башкарылууда. Аларда башка жерлерге карата көбүрөөк демонстрациялар жана козголоңдор бар...», - деди.

Американыктар жөөт текебердигине жана басып алуусуна каршылык көрсөтө турган ар бир палестиналыкты куугунтуктоону ойлоодо. Алар Батыш менен жөөт биргеликте пайда кылып берген Палестина бийлиги – Арафат жана анын тобунан – мындай кылмыштын жүгүн жеңилдетүүнү талап кылышууда. Арафат жана анын тобу Газа жана Арийхо эшиктерин ачып, палестиналыктарды көзөмөлдөөгө мүмкүнчүлүк жаратып берди жана Палестина калкы үстүнөн зордукчулук доорун кайрадан баштоого катуу турууда. Палестиналыктан жөөттү коргоп, анын аркасында турган батыш мамлекеттерин ыраазы кылуусу үчүн, тазалоо ишин аткарышын каалашууда. Бул залимдер карасанатай максаттары жолунда палестиналыктарга кылган иштерине али тойбогон окшойт, кудум палестиналыктарга жөөт жана капыр батыш мамлекеттеринин кордук-зулумунан кийинки кыйынчылыктар кемдик кылып жаткандай. Буш 29.03.01де Ак үйдө өткөргөн басма сөз конференциясында: «Палестина өкмөтү зордукчулукту жана террорду каралап Палестина калкы түшүнө турган тилде күчтүү жана ачык айтышы керек! Террор иштерин аткарган кишилерди камакка алуу керек! Жана Израил менен коопсуздук кызматташтыгын башташы ылазым», - деди. Басма сөз катчысы Ричард Баучер 28.03.01де жөөттөр Газа жана Арийхого чабуул уюштургандыгы тууралуусындагы суроого төмөндөгүчө жооп кайтарды: «Палестина өкмөтү террорго каршы бардык мүмкүнчүлүгүн ишке салып, эң оболу чабуулду токтотууга, жоопкер адамдарды камакка алууга жана аларды адилеттүүлүккө чакырууга умтулушу керек», - деди. Ушул эле убакыттын өзүндө, жөөттөр кылып жаткан кыргындарга бети жоктук менен сүйүнүп, 28.03.01деги басма сөз конференциясында: «Биз Израил

коопсуздугун кепилдей турган муктаждыктарга уруксат беребиз…», - деди. «Израил жаман деген өкүмдар пикирдин каршысында Израил менен болгон байланышы себептүү Кошмо Штаттардын аброюна зыян жетпейби» деген суроого: «Биздин Израил менен болгон байланышыбыз үчүн актануубузга негиз жок. Израил менен болгон байланышыбыз үчүн өкүнүүбүзгө да орун жок», - деп жооп кайтарды. Эртеси 29-март күнү ушул позицияны кайталап, бул президенттин позициясы деп кошуп койду. «Биз Израилдин өзүн коргоо жана өз коопсуздугу үчүн күч иштетүүгө акысы акысы бар деп ойлошубузду айтканбыз. Жана ошол эле учурда аларга суук кандуу болуу керектигин да айтканбыз. О.э. президент да бүгүн эртең менен муну кайталады жана Израил мамлекети табигый абалды кайтарууга кадам таштап жаткан убакытта суук кандуу болушу керектигине ишара кылды», - деди. Бул Американын расмий позициясы болуп, Расулулланын душманы болгон Шаронго мусулмандарды өлтүрүү, кыйратуу иштерине анык, шексиз уруксат берүү болуп саналат.

Ал эми экономикалык турмушту кайта тикелөөдөн максат палестиналыктар абалын жакшыртуу эмес, себеби, начар турмуш жана кембагалдык – капыр батыш болжолдогон чечимин сындыруу үчүн атайын ойлоп тапкан Палестина маселесиндей эски ыкма. Ага ылайык, бул ишке көз тигүү Палестинанын ичи-сыртында куфр пландарына тоскоол боло турган жарылууну тосуудан нарыга өтпөйт. Экономикалык турмушту кайтаруудан максат – кыянатчы акимдер душмандарга Осло жана Вайт-Ривер жолугушууларында убада берип моюндарына алган – жөөт вужудун жана коопсуздугун сактоо үчүн өкмөттүк уюмдарды коргоп, жемирилүүдөн сактоо. Европа атайын өкүлканасынын башчысы Романо Проди Брюсселде Пауэлл менен жолуккандан кийин 27.02.01де: «Биз жакында Кошмо Штаттар менен биргеликте, Палестина өкмөтү аралашпоо таразасы артында жана эл аралык күзөтүү астында аткарышы керек болгон иштерди кылышы үчүн, анын кудуретин камсыздоочу катары иш-аракет алып барабыз. Жакынкы Чыгышта артыкча туруксуздукка алып бара турган бийликтин жемирилишине бир да киши кызыкдар эмес», - деди. Европа союзунун тышкы иштер боюнча атайын өкүлү Крис Паттен Газада Арафат менен жолугушкандан кийин: «Палестина бийлигинин экономикалык кысым астында жемирилиши тынчтык жолундагы жакшылыктан кабар бербейт. Биз Палестина

башкаруусунун жакынкы айларда кичине бөлүктөргө бөлүнүп кетиши тынчтык келечеги үчүн терс таасир тийгизет деп билебиз», - деди.

Ал 19.03.01де: «Адамдар жумушун, ырыскысын жоготуп арзуу-үмүт кыла албаса, бул аларды экстремизмге алып барат, муну түшүнүү үчүн гений болуу кажет эмес», - деди. Жана 31.01.01деги сөзүндө: «Чындыгында, Европа союзу жана эл аралык коомчулук үчүн – биз жүзөгө келишине жана финансылык жактан камсыздалышына жардам берген – Палестина өкмөттүк уюмдары менен экономикалык түзүмүн сактап калууда пайда бар. Эгер Палестина өкмөтү жемирилсе, региондогу тынчтык келечегине күчтүү сокку болот, Израил коопсуздугуна коркунуч туулат о.э. Жакынкы Чыгышта туруктуулукту жана кызматташтыкты кубаттоого болгон аракеттерибиз талкаланат», - деди. Демек, батыш, араб жана мусулман акимдери келтирген мусибаттар, Палестина калкы баштан кечирип жаткан кыйынчылыктар себептүү жакында жарылуу күтүлбөйт.

Буш өкмөтү да Клинтон өкмөтү сыяктуу чечимдерди тыгыштыруудан алыс экендиги жана эч иш кылбагандыгы тууралуу айтууда. Негизи бул жасалмалуулук болуп, ал жөнөкөй адамдарга да жашыруун эмес. Бирок мунун артында алысты көрүү жана ыплас максат бар. Бул максат – Палестина кыянатчылары Палестинаны жөөттөргө мүлк кылып берип, ага мүмкүнчүлүк жаратышына мыйзамдуу түс берүү. О.э. алар 1948-жылы Англия колунда жөөт үчүн күчтүү документ болушу үчүн тапшырган үлүштөн пайдаланууда жырткычтык жана кыянатчылыктын эң төмөнкү түпкүрүнө түшүп кетишти. Алар ушул документке сүйөнүп, Палестинаны жөөт жана куфр чеңгелинен куткаруу үчүн ойгонгон Хилафат мамлекетинин зыянына бүткүл дүйнө мамлекеттеринен жардам суроодо. Палестина акимдери, ичинде араб акимдери болгон Ислам дүйнөсүнүн акимдери – кылган иштери алды-кийин тарыхта болбогон чоң кыянат экендигин, бул иштер канчалык жасалма документтерге кол коюшса да, мыйзамдуулук түсүн берүү үчүн жасалма сценарий ойлоп табышса да – мыйзамдуулук жагынан эч бир негизсиз экендигин жакшы билишет. Бул кыянатчыл топ – жөөт вужуду, капыр батыш мамлекеттери жана алардын Исламий өлкөлөрдөгү, айрыкча араб өлкөлөрүндөгү малайлары – Палестина маселеси алар ойлогондон үлкөн экендигин, ал бардык мусулмандар маселеси экендигин,

мусулмандардын өмүр-өлүм маселеси экендигин, анын чечими болсо аскерий чечим экендигин жана алыспы-жакынбы акыры бир күнү, согуш майданында гана чечилишин анык билип алышсын.

Буш Ак үйдө 29.03.01деги басма сөз конференциясында: «Мен ар дайым айтып келем – бул улутка эми Жакынкы Чыгышта тынчтык өкүмү мажбурий сиңдирилбейт, балким ага тынчтык токтому оңой кылып көрсөтүлөт. Бул тынчтык келишүүсүн иштеп чыгуу үчүн сүйлөшүү столуна отурууга кызыккан эки тарапты үндөйт. Ал улантылат. Бул администрация тараптарга тынчтыкты мажбурий тыгыштырууга аракет кылбайт. Биз тынчтыкты оңойлоштурабыз гана. Биз эми жооптуу адамдар менен тынчтык жаатында иш алып барабыз», - деди.

Бул Американын Жакынкы Чыгыш, же Палестина маселесине карата туткан позициясынын кыскача баяны. Ал эми Иракка карата Буш администрациясы Булуңда кризисти жүзөгө келтирүү жана тартипсиздиктерди козгоону пландаштырууда. Буга «Ирак экинчи Булуң согушунда ок атууну токтотууга жана массалык кыргын салуучу куралдарга тиешелүү шарттарга моюн сунбаган» деген нерсени шылтоо кылууда. Америка буларда БУУ токтомдоруна, АКШ коргоо министринен жана борбордук разведка бюросунан келген токтомдорго, же маалымат каражаттарында таркатылган пикирлерге сүйөнөт жана булардын баарын өзү уюштурат. Ошондуктан, ал биринчи күндөн баштап, мурунку администрациянын акыркы күндөрүндө кулаган же кулап бара жаткан жаза-чараларын жаңыдан тирилтүү үчүн «союздаш мамлекеттер»ди жыюуга киришип кетти. Бирок, аскердик же эки түрдүү керектөөгө болжолдонгон товарларга тыюу салып, башка керектөө товарлары киришине уруксат берди жана муну «акылдуу жаза-чаралар» деп атады. Бул нерсе көп мамлекеттерге, ушулардын катарында араб мамлекеттерине да ылайык келди жана ал азыр деталдарды иштеп чыгуу баскычында.

Ирак темасынын жаңы администрация этибарын тартышы көңүл бура турган нерселерден. Ал мурунку администрациядан калган мурас экендиги анык. Клинтон 11.01.01де Буш администрациясы этибар карата турган иштерге байланыштуу суроого минтип жооп берди: «…Алардын Булуң жана нефт иштеп чыгаруучу мамлекеттерге этибары күчтүүрөөк болот… Биздин чыныгы кызыкчылыктарыбыз нефт иштеп чыгаруучу мамлекеттердин саясий-географиялык тарабында…». 9.01.01де М. Олбрайт:

«Кошмо Штаттар Иракка басымды уланта берет… Ал тургай президент Клинтон бийлигинен кийин да... Мен өкмөттүн өзгөрүшү себептүү Багдаддын көп кубанышына орун жок деп билемин», - деди. 12.01.01де Американын БУУдагы мурунку өкүлү Холбрук: «Ирак Буштун келерки өкмөтү БУУ алдында коё турган негизги маселелерден болуп калат», - деди. Ошондуктан Буш өз саясаты жөнүндө тезинен ушундай жарыя кылды жана 22.02.01деги басма сөз конференциясында: «…Биз учурдагы жаза саясатын көрүп чыгабыз, жазалар өз ишин кандай аткарып жаткандыгы жаатындагы абалды карап чыгабыз… жана Саддамдан массалык кыргын куралдарын өнүктүрбөшүн күтөбүз. Эгер мага мунун тескериси маалым болсо, ал жерде олуттуу өзгөрүүлөр болот», - деди. 23.02.01деги Блэр менен өткөргөн басма сөз конференциясында: «Биз убактыбыздын негизги бөлүгүн Ирак жана Перс Булуңундагы ортоктош кызыкчылыктарыбыз туурасында сүйлөшүп өткөрдүк. Силер билгендей, менин пикиримче, биздин жазаларыбыз Швейцариянын бир кесим быштагына окшойт. Т.а. ал чоң даражадагы таасирге ээ эмес. Биз катуу таасирге ээ ыкмага биргеликте катуу киришебиз». Жана ал ушул конференциянын өзүндө «Мен жана премьер-министр региондо жазалар таасирдүүрөөк болушу үчүн бир пикирге келишибиз мүмкүндүгүн билебиз», - деди. Улуттук коопсуздук кеңешчиси 22.02.01деги басма сөз конференциясында: «Азыркы саясаттын максаты Саддамга байланыштуу нерседе демилгени кайтарып алуу… жана биз аткарып жаткан нерсе өз ишин кылышын анык билүү керек... белгилүү болгондой, ал жерге жаза-чаралар киргизилген. Биз азыр анда кээ бир проблемалар болуп жаткандыгын анык билебиз, мында шек-күмөн жок. Бирок, кайра көрүүдөн максат – бул мыйзам кандай колдонулуп жатканын жана максаттарды жүзөгө чыгарышы кандай кепилденгендигин билүү…», деди.

Уокер Буш көрүп чыгууну ишке ашыргандан кийинки Иракка тиешелүү саясаты 21.03.01де Вашингтон институтунда Жакынкы Чыгыш саясатына арнап сүйлөгөн сөзүндө Булуң регионунда толук көрүнүшүн тапкандыгын ачып берди: «Мен Иракка тиешелүү саясат темасына кайтууну каалар элем. Бул өкмөткө да, Кошмо Штаттар калкына да өтө маанилүү маселе. Бул өкмөт бийликке келгенде абалды көзөмөлдөөнү жаркын аныктап алды. Он жылдан бери колдонулуп жаткан жаза саясаты узак убакыт таасир күчүнө

ээ болушу жана Саддамга карата катуу басым болушуна карабастан, ал кыйрай баштады… жана багыт да төмөн карай кетти… жана биздин ыкмабыз соода товарларына, инсаний-маданий муктаждыктарга байланыштуу чектелген жазаларды алып таштоого жана ошол эле учурда массалык кыргын куралдарын катуу көзөмөлдөөгө үндөөдө... Бул болсо коңшу өлкөлөрдүн кубаттоосун талап кылат. Мамлекет катчысынын Жакынкы Чыгышка жасаган сапарынын максаттарынын бири ошол кубаттоону бир жерге жыюу эле. Мен бул толугу менен аткарылды дей аламын. Жана ал жерде биз мамиле кылган өлкөлөр тарабынан ишке өтө үндөш жооптор бар... Биз азыр бул амалият каршысында БУУ жана башка эл аралык уюмдарда акырына жетиши ылазым болгон өзгөртүү түрлөрүнө карата жыйынтыктоочу чаралар үстүндө иш алып барып жатабыз... Мына ушул майданда биздин ушул ишибиз кандай кетиши жөнүндө Британия, Франция жана Россия менен өтө жемиштүү сүйлөшүүлөр өткөрөбүз. Биз жүрүүнү каалаган багыт боюнча кең ылайыкташуучулук бар экендигин көрүп жатабыз. Анык, биз келечекте көп сүйлөшүүлөр алып барабыз. Жалаң гана эми колдонула турган чаралар туурасында эмес, балким, 1842-номерлүү эл аралык коопсуздук токтомуна ылайык, мына бул жоопкерчиликтер туурасында кээ бир чараларды белгилөө маанилүү болгон маселелер туурасында. Бул аткаруулар жагынан менен ишти белгилөө болот. Бирок биз жүргүзүп жаткан багыт эл аралык кубаттоого ээ экени анык…», - деди. Жана 29.03.01де Конгресс комиссиясы алдында: «Биз Иракка тиешелүү саясаттын кең камтуучу көзөмөлдү аткаруу баскычында турабыз... Биз региондогу жетекчилер жана Коопсуздук кеңешиндеги мүчө мамлекеттер менен биргеликте кеңештик. Биз Ирактын азыркы түзүмүнө массалык кыргын куралдарын жана аскердик программаларын өркүндөтүүгө бүтүндөй эркиндик берилгени жана Кошмо Штаттардын Булуңдагы аскердик позициядан баш тартуусу коркунучту келтирип чыгарат деген көз караштан келип чыгып, кеңири келишүү издедик. О.э. ал жердеги коркунучка аралашууга чоң муктаждык бар... Биз Ирак калкын кыйынчылыктан куткаруу үчүн бардык мүмкүнчүлүгүбүздү ишке салбасак, бул кыйынчылыктар маданий жазалар таасири жаатында – Америка Ирактын массалык кыргын салуучу жана башка куралдарын камсыздоо кудуретин өз колунда бекем кармап турушу үчүн – биз

каалаган кызматташтыкка тоскоолдук кыла берет… жана биз БУУга тапшырган куралдарды көзөмөлдөө милдетин күзөтүп турабыз…», - деди.

Биз Америка бардык жерлерде көрүнө баштаган энергия кризисин баштан кечирип жатканын билебиз жана «Ирак коңшуларына кооп туудурбашы үчүн аны жазалоо, куралын тартып алуу» наамы астында Американын Булуңда тополоңдор, жаңжалдар чыгаруудагы максатын жакшы түшүнөбүз. Демек, Америка Булуңда өз компаниялары нефт секторуна инвестиция жаткырып (азыр Кувейтте ушундай болууда), нефт бааларын кармап турушу жана анын нефт байлыктарын арзан сатып алып – төлөгөн каражаттарын миллиарддарга тең жана кошуундар көлөмүнөн 10 эсе ашык куралдар соодасы аркылуу кайтарып алуу менен – талап-тоношу үчүн таасир жана өкүмдарлыгын жаюуда. Бирок, адамдардын көңүлүн мындан буруп жиберип, Иракка каратууда. Кийин бул куралдар Японияга окшош өнөржайы өнүгүп-өскөн мамлекеттерге тонналап темир абалында сатылат. Бул жаңы куралдарды өркүндөтүү үчүн Америка коргоо министрлиги өч болуп жаткан соода.

Булуңда проблемалар келтирип чыгуу саясатына ылайык, Америка акыркы жылдарда өз малайы Хотамийди ядролук ишканалар куруу максатында көп орундарда сапатсыздыгы далилденген орус куралы үчүн Иран базарын ачууга үндөй баштады. Анткени, Американын ал мамлекеттердин байлыктары эсебинен сайрандап жашашы үчүн өз ара соода келишимдерин жакшы кылып көрсөтүү керек. Андыктан, Булуңда куралдануу байгесин жүзөгө келтирүү керек. Ал үчүн Америка Иран менен жасалма душмандык жолун тутуп, аны ушул максаттарды жүзөгө чыгарууда өзүнө каршы террорчу мамлекет кылып көрсөтүүдө. Ал 24.04.01де Палестина козголоңун кубаттоо үчүн конференцияга жыйылган малайларына – бул конференция Америка ЦРУсу жана маалымат каражаттары аркылуу – Иранды Американын узак мөөнөттүү саясат жолдонмолору менен бирге жүргөн абалда терроризм менен айыптаганы жөнүндөгү маалымат чындык деп кулак кагыш кылды. Президент Буш 13.03.01де: «1995-жыл 15-марттагы 12957-номерлүү Иранга тиешелүү өзгөчө кырдаал токтомунун мөөнөтү узартылды. Себеби, президент Клинтон Ирандын саясаты жана иштеринен көрүнүп турган Кошмо Штаттардын улуттук коопсуздугуна, тышкы саясатына жана

экономикасына багыттандырылган коркунучка чек коюу үчүн өзгөчө кырдаал жарыя кылган эле. Албетте, токтом ичинде Ирандын эл аралык терроризмди кубатташы, Жакынкы Чыгыш тынчтык планын бузууга максаттуу планы жана массалык кыргын куралдарына о.э. аларды жеткирүү жолдоруна ээлик кылышы да бар… Себеби, Ирандын саясаты жана иштери Кошмо штаттардын улуттук коопсуздугуна, тышкы саясатына жана экономикасына кооп туудурууда. Ушул себептүү 1995-жылы 15-мартта жарыя кылынган улуттук өзгөчө кырдаалды 2001-жылы 15-марттан кийинкиге да узартуу керек…», - деди. Америка келтирген бул себептердин туура негизге ээ эместиги анык. Себеби, Ирандын Америка улуттук коопсуздугуна коркунуч туудурушу чындыкка тескери о.э. ал алар айтып жаткандай коркунуч туудурууга алсыздык кылат. Негизи, Иран акимдери Америка колонизаторлугуна малайлык кылууда жасалма душманчылык пардасына оронуп алышкан. О.э. Ирандагы малайлар саясаты региондогу кыянатчыл «тынчтык пландары» менен бирге жүрөт. О.э. Кошмо Штаттар узак убакыттан бери, эгер кайсыдыр себептерге ылайык шарт өзгөрсө, Булуңда Ирактын ордуна жаңы душман жана эл аралык себеп даярдоого киришкен. Келечекте дүйнөнүн ушул региону негизги нефт чекити болгондугу себептүү проблемалар жана тартипсиздиктер жарата баштайт.

Бул Ирак жана Палестина маселеси жаатында Жакынкы Чыгыштагы Америка саясатынын белгилери. Ал эми, бул региондо Европа жана Европа союзу тарабынан Британия жана Франция сыяктуу чоң мамлекеттер позициялары аркылуу көрүнүп жаткан нерсеге келсек, алар туткан позиция Америка ролуна салыштырмалуу толук рол деп кабыл кылынса да (кудум, Европа атайын өкүлканасы башчысынын орун басары Мануэл Морин 26.11.98де Европа союзунун ролу жөнүндөгү докладында: «Европа союзу Америка ролуна салыштырмалуу толук саясий дипломатиялык ролго ылайык…» дегениндей), бирок бул мамлекеттер узак убакыттан бери – Америка Россиянын жана мурунку Советтер союзунун жардамы менен ээлеп алган – Жакынкы Чыгыш сүйлөшүүлөрүнө шерик болууга аракет кылууда. Англиялык Крис Паттен: «Европа союзунун тынчтык жараянында жана тараптарга таасир этүүдө маанилүү ролу бар... Муну алар макулдашууда. Биздин ролубуз токтом чыгаруучулардын гана ролуна чектелип калбашы керек... Союздун 1994-98-жылдар

аралыгындагы белек катары жардамдары 600 миллион евродон ашып кетти…», - деди. Айрыкча, Европа Американы катыштырбай Осло учурашуусун чакырганда анын монополиясын жарып өттү. Эгер мына ушул монополия болбогондо, Америка Палестина маселеси аракетинде мындай аралыкты басып өтө алмак эмес. Жана тынчтыктын жийиркеничтүүү пландары жөөт вужудун мынчалык көтөрүп таштамак эмес. Американын позициясына карабастан, Европа мамлекеттери өз позицияларын билдирүүнү токтотушкан жок. 1973-жылдагы Копенгагендеги жарыясынан баштап 2001-жылдын 23-мартындагы Копенгагендеги жарыясына чейин 20дан ашык союз атынан же жоопкер адамдар тилинде жекече түрдө жарыя кылуудан токтогон жок. Алар тараптарга кеңеш жана пикир берүү, мамилелерде өз позицияларын жарыя кылуу менен, бирок, Америка позициясына каршы чыкпай, өз пландарын бүтүндөй төмөндөткөн көрүнүштө аралашууга аракет кыла баштады. Американын жаңы администрациясы сүйлөшүүлөр алкагын достор жана союздаштар деп аталгандар менен кеңейтүүгө даяр болгондуктан, союз Жакынкы Чыгыш маселелерин чечүү учурунда Америка менен тең болууга аракет кылууда. Мамлекеттик катчы Пауэллдин 26.01.01де мансабын кабыл алуу ырасымы болуп жатканда, Буш: «…Ал Америка тынчтык убактарда достору менен бирге иш алып барышын биле турган жетекчи. Эгер кризис убактарында аларды чакырууга кудуреттүүлүгүбүздү эске алсак,…» - деди. Пауэлл 1.02.01деги басма сөз конференциясында: «Мен да Европадагы союздаштарыбыз жана Азиядагы досторубуз менен биргеликте иш баштоону каалаймын», - деди. Романо Проди 27.02.01де Брюсселде Пауэлл менен жолуккандан кийин: «…Европа Союзу жана Кошмо Штаттар Балкандагы кызматташтыкта жетишкен моделге сүйөнүп, Жакынкы Чыгыштын тышкы саясатын Европа Союзу жана Кошмо Штаттар кызматташтыгындагы негизги беренеге айландырат. Биз Кошмо Штаттардын Израил башкаруусуна болгон мамилеси биздин мамилебизге дал келгенине абдан кубанычтабыз…», - деди. Робин Кук Пауэлл менен 6.02.01де өткөргөн басма сөз конференциясында: «Эгер биз Жакынкы Чыгыш тынчтыгын сактап калууну кааласак, ал бир гана абалда ийгиликке жетишет – бул мамиле Атлантика эки тарабынын (АКШ жана Европа союзу) жана дүйнөлүк коомчулук малекеттеринин кабыл алуусу негизинде болот», - деди.

Ал эми Европа Союзунун позициясы 24.04.01де Копенгагенде чыккан акыркы жарыядан көрүнүп турат. Анда мындай делет: «Европа Союзунун Парламенттик ассамблеясы (ЕСПА) 1999-жылдын мартындагы Берлиндеги жарыясын эстейт, себеби, ал союздун тынчтык ишине жана Жакынкы Чыгыш келечеги туруктуу болуп, анын гүлдөп-өсүшүнө жардам көрсөтөт». Берлиндеги жарыяда мындай сөздөр да келген: «Европа Союзу тараптарды Мадрид, Осло жана андан кийинки келишүүлөр алкагында кабыл кылынган негизги токтомдор туурасындагы жоопкерчиликтерин баса белгилеп чакырык жасайт. Жана Коопсуздук кеңешинин 242, 338-номерлүү токтомдоруна ылайык, Европа Союзу өзгөчө түрдө келерки айлар ичинде акыркы абал сүйлөшүүлөрүн тездик менен кайра баштоого жана маалым бир мөөнөтү белгиленбеген шашылыш натыйжага жетишүүгө чакырат. Европа Союзу сүйлөшүүлөрдү бир жыл ичинде бүтүрүү мүмкүн деп билет жана аларды тездетүүгө даяр экендигин ачык айтат. Европа Союзу эки тарапты жаңы кыштактар куруу, өз ара тукуруу жана зордукчулукка каршы туруу сыяктуу маселелерге байланыштуу эл аралык мыйзамга туура келбей турган ар кандай машыгуудан тыйылууга үндөйт... Жана тараптардын келишүүлөргө сүйөнүү менен, тил табышуу чечимине жетүүгө бардык күчтөрүн жумшашын каалайт. Европа Союзу – демократиялык Палестина мамлекетинин тикелениши о.э. сүйлөшүүлөр жана келишүүлөр негизиндеги тынчтыктын орношу – келеркиде Израил коопсуздугуна жана Израилдин региондо тең шерик катары кабыл алынышына эң жакшы кепилдик болот деп ишенет». Шарондун шайлоодо жеңишке жеткенине байланыштуу 7.02.01де союз башкаруусу жолдогон куттуктоодо мындай сөздөр келген: «…Европа Союзу (Барак менен болгон) мурунку сүйлөшүүлөрдөгү бардык чоң маселелердеги өсүш «биротоло чечим» айланасындагы келерки сүйлөшүүлөргө негиз болушу керек деп ишенет... Союз тараптардын баарын Мадрид, Осло жана алардан кийинки жолугушуулар алкагында 242, 338-токтомдорго ылайык негизги токтомдор туурасындагы жоопкерчилигин баса белгилеп чакырык жасайт». Европа атайын өкүлканасынын башчысы Романо Проди өкүлкананын тышкы мамилелер боюнча жооптуу кызматкери Крис Паттендин Шарон өкүлү Афоди Суфир менен болгон учурашуусу жөнүндө: «Экөөсүнүн сүйлөшө турган өзгөчө сөздөрү бар…», - деди. Союз мамлекеттери ортосунда «туруктуу

чечим маселелери» наамы астында өзгөчө сүйлөшүүлөрдү кайрадан баштоо зарылдыгы жөнүндө келишпөөчүлүк жок. Балким, Кемп Девид жана башка конференцияларда жетишилген эки тараптуу келишимдерди келеркиде бардык сүйлөшүүлөр үчүн негиз катары кароого аракет кылат.

О.э. Европа Союзунун саясаты Жакынкы Чыгыш жаатында Американын жаңы жетекчилиги жетишкен нерсеге негиз жагынан анык каршы келүүдө. Бирок, иш позициянын ушул чиелигинде токтоп калбастан ашып түштү. Себеби, Шарон шайланары менен Осло келишүүсү бүткөндүгүн жарыя кылды жана: «Мен муну ачык кылып коймокчумун – Осло жолугушуулары негиз боло албайт», - деп ачык айтты. Мунун артынан союздун көз карашына каршы өз көз карашын жарыя кылды. Америка буга ыраазы экендигине да ишара кылбады.

Алар:

1. Осло келишүүсү бүткөндүгү;
2. Анык убактысы белгиленбеген кол салбоо келишүүсүнө окшогон узак мөөнөттүү, убактылуу келишүү. Бирок, бул келишүүдө эки тарап келишкен максаттарды жүзөгө чыгаруу белгиленген болушу керек;
3. Палестина бийлигинин регион жана чет элде терроризм жана анын негиздерине каршы күрөшүүдө коопсуздук жагынан кызматташуусу;
4. Экономикалык кызматташтык, биргелешкен ишканаларды өнүктүрүү менен бирге айырбаштоонун болушу т.а. эки тараптын пайдалуу ишканалардын пайдасына жана зыяндуу ишканалардын зыянына шерик болушу (туздуу суну ичимдик сууга айландыруу станцияларына окшош);
5. Эки калк арасында тынчтык алакаларын өнүктүрүү. Бул китептерде жана маалымат каражаттарында тукурууну токтотууну, мектептерде балдарга эки тарапка салам берүүгө окшош сабактарды күчөтүүнү өз ичине алат;
6. Палестина мамлекети менен – куралсыздануу, анын чегарасынан өтө турган жолдорго ээлик кылуу, аба мейкиндигине эркин кирүү, душман мамлекеттер менен союз түзүшүнө уруксат бербөө - ушуларды өз ичине алган келишүү боюнча кызматташтык кылуу;
7. Израил чыгыш жана батыштын коопсуздук региондоруна, негизги жер асты сууларынын көбүрөөгүнө жана Урдун

өрөөнүндөгү жээк тегиздигине байлай турган стратегиялык жолдорго толук өкүмдарлыгын сактап калат;

8. Газа сектору жана Батыш жээктин 42%ынан чыгып кетет, бирок чектелбеген узак мөөнөттүү баскычма-баскыч келишим негизинде;

9. Ар кандай шартта жаңы кыштактардан чыгып кетпейт.

Булар Шарондун азыркы убакта ылайык деп билген кыска пландары жана Пауэллге басып алынган Палестина жерлерин барып көрүп жатканда о.э. Бушка 20.03.01де аны менен жолукканда сунуш кылгандары. Булар мурда Барак сунуш кылган чечимдерден айырмаланары анык. Шарон CNN менен болгон жолугушуусунда: «Барак керегинен артыкча уступкага барды, натыйжада Израил өтө күчсүздөнүп калды», - деди. О.э. алар Европа Союзу, Франция, Британия жана башка Европа мамлекеттеринин райларынан да айырмаланат. Американын ыраазылыгын алгандыгы да ыктымалдан узак. Бирок, кээ бир жузъий иштерде дал келет. Мисалы, коопсуздукту сактоого ылайык чараларды көрүүгө эркиндик берүүгө окшош. Алар чабуулду Америка ыраазы болбой турган көрүнүштө уюштурбайт жана палестиналыктарды куугунтуктоону, үйлөрүн бузуп, өздөрүн көчөгө айдап чыгууну аны менен болгон келшүүгө ылайык жүргүзөт. Бул жузъий дал келүүчүлүк ушул күнгө чейин токтото албай жатышкан козголоңду токтотуу саясатына туура келип жатат. Шарон 20.03.01де Буш менен басма сөз конференциясында: «…Биз тынчтык жараянын талкууладык – аны эмне менен кантип аткаруу мүмкүн, бирок, эң биринчи жана эң маанилүүсү – бул Израил жарандарынын коопсуздугун камсыздоо. Булар, президент мырза, мен ылазым деп билген о.э. биз эң биринчи болуп кылышыбыз керек болгон нерселер. Биз коопсуздукка жетишкенибизде гана Жакынкы Чыгышта кадыржамдык болот, ошондо мен ойлогонумдай, тынчтык келишүүлөрүнө жетишүү үчүн сүйлөшүүлөрдү баштайбыз», - деди. Жана: «…Менин бул улуу демократиядан т.а. Кошмо Штаттар саясатынан түшүнгөн нерсем ушул болду, адам террорго же басым өткөрүүгө же зордукчулукка моюн ийбеши керек... Эркин дүйнө да жергиликтүү, регионалдык жана эл аралык террорго каршы күрөшүшү керек. Мен Кошмо Штаттар ушундай күрөштөрдү башкарат деп ишенемин. Негизи, биз бул күрөштө шерикпиз. Жана мен муну бардык демократиялык мамлекеттердин пайдасы

деп билемин, себеби, бул туруктуулукту сактоо үчүн. Мен президенттин Жакынкы Чыгышта туруктуулукту сактоо саясатынын тарапкеримин. Туруктуулуктун негизги коркунучу болсо терроризм. Булар келечекте боло турган о.э. эркин дүйнөдөгү ар бир демократиялык мамлекеттин ортоктош максаттары болушу керек деп билген нерселерим», - деди. Ал Америкадан кайтканда жөөт радиосуна: «Биздин терроризм жана зордукчулукка моюн сунбашыбыз Америкага дал келет», - деди. Бул Шарон Буштун жаңы өкмөтүнөн алган ачык дал келүүчүлүктүн айрымдары, мунун акыбетинде басып алынган Палестина жерлеринде анын кекирейиши жана зулуму пайда болууда. Жана Американын мусулмандарга душманчылык даражасы анык көрүнүүдө. Ал эми ташталган башка пикирлер туурасында Буш администрациясы позициясын айткан жок.

Бул басып алынган Палестина жериндеги жергиликтүү жана эл аралык позиция. Ал жердеги иштерди түшүнүү үчүн ага ибрат көзү менен кароо зарыл.

Америка өзү «тынчтык» деп атаган нерсеге кең эреже орнотууну жана ага ылайык чөйрө жаратууну негизги маселе деп кароодо. Туруктуу чечим жөнүндөгү талкууну артка сүрдү. Пауэлл Кувейтке бара жатканда «Ал жерде эки тарап сүйлөшүүлөргө кайтканга чейин кыйла убакыт өтөт», - деди. Европа, Британия жана Франция башчылыгында, туруктуу чечим маселелерине байланыштуу сүйлөшүүлөрдү Осло жана башка келишүүлөргө амал кылуу үчүн кечиктирбестен кайрадан баштоо зарыл деп билет. Жөөттөрдүн өтө көп нерселер коротуп шайланган премьер-министри Европага дал келбей турган пикир жана чечимдерди алып жүрөт. Америка да анын көбүнө карата өз позициясын жарыя кылган жок, бирок анын адамдарды өлтүрүлүшүнө, үйлөрдү ойрон кылышына макулдугун билдирди. Демек, позиция мына ушул үч тарап арасына чектелген, ал эми палестиналыктар болсо курман болууда, зулум көрүүдө, жөөттөрдүн жырткычтыгына жем болууда. Ал эми мусулман жана араб акимдери Америка жана Европа саясатынын куралы болууда. Демек, өздөрү айткандай, Египет жана Иордания демилгеси жок, балким, алар ушундай аталган Европа демилгеси болуп, Иордания акими Абдулла аркылуу кирүүдө. Анын натыйжасы болсо ийгиликсиздик болот. Америка ага ыраазы эмес, себеби, ал Американын азыркы жолдомолоруна тескери.

Ушуларга ылайык, Америка Шаронду кубаттап, ага коалициялык өкмөт түзүүгө мүмкүнчүлүк жаратып берди. Себеби, жумушчулар партиясынын – Пауэлл жөөт вужудуна жасаган сапарынан кеткенден бир күн кийин – улуттук коалициялык өкмөткө кирүүгө ыраазылык бериши кокустук эмес. Негизи, жумушчулар партиясынын жетекчилери ортосунда Шарон менен коалициялык өкмөткө кирүүгө каршылык катуу эле. Америка мындай коалициялык өкмөттү Барак башчылыгында түзүүгө катуу аракет кылып, бирок, жетише албаган эле. Ал Шарондун Израилди ал келишкен нерсеге ыраазы кыла турган адам экенин көрүүдө. Мейли, Американын Бегинге жасаган басымындай басым астында болсо да, анын пландарга ыраазылык билдириши кандай жакшы. Эгер андай кылбаса, коалициядагы жумушчулар партиясы аны алып таштай алат. Ал жерде Шарон менен Европа ортосунда сууктук бар, себеби, Европа мамлекеттери андан тынчтык пландарына ылайык жүрө турган адамды көрбөй жатат. Европа мамлекеттери көп орундарда анын саясатын сынга алды жана о.э. Европа басма сөзү да ага чабуул уюштурду. Британиялык Крис Паттен 19.03.01деги регионго сапары учурунда Шарон өкмөтүн бир нече жолу сынга алды. Ал: «Израилдин коопсуздук проблемасы бар экендигин билебиз, бирок Кудай акы, мага айткылачы, Палестина экономикасын ойрон кылуу жана коопсуздук менен муктаждыкты ашыруу эмне кылып берет?» - деди. «Иерусалим Пост» гезити «Паттен акмактыктары» деген макалада ага каршы чабуул уюштурду. 18.03.01де Робин Кук Шарон өкмөтүн катуу сынга алып, өз билдирүүсүндө: «… Абал өтө жаман. Мен олуттуу сүйлөшүүлөрдөн жакынкы чечимди көрбөй жатамын… Коомчулук мамлекеттери суук кандуулукка жана сүйлөшүү столуна кайтуу үчүн басым өткөрүшү керек. Газадагы үйлөрдү бузуу үмүтсүздүккө түшүрдү. Бул иштер калк ортосунда чоң душманчылыкты жүзөгө келтирет. Бул болсо өз кезегинде, маанилүү сүйлөшүүлөрдү кайра баштоо ыктымалын азайтса-азайтат, бирок көбөйтпөйт. Мен Израилди мындан үч айдан кийин каерде болушун ойлоп көрүүгө чакырамын…», деп ачык айтты. 28.04.01де Франция тышкы иштер министри Юбер Ведрин Сирияга сапары учурунда: «…Израил тынчтык алдына тосук болуп жатат …» деп чабуул кылды. 27.03.01да Дания тышкы иштер министри: «Израил басып алган региондордо жаңы кыштактарды куруп, мурунку кыштактарды кеңейтиши Жакынкы Чыгыш тынчтыгы

алдына коркунучтуу чоң тосуктарды жаратат. Жаңы кыштактарды куруу иши Женева бүтүмдөрүнө тескери иш…», деп чабуул кылды. Жана башка орунда «Бул ачынарлык абал, жаңы кыштактарды куруу чечимди кыйындаштырат. Шарон жана анын таасирдүү досторунан турган Израил жетекчилеринин басып алынган региондордо жаңы кыштактарды курушу палестиналыктар үчүн мамлекет куруу мүмкүнчүлүктөрүн өтө кыйындаштырды», деп сынга кылды. Жана Бельгия, Швеция тышкы иштер министрлери да сынга алышты. 4.01.01де «Хаарец» гезити «Перес зордукчулукту токтотуу үчүн сүйлөшүүлөр өткөрүүгө куштар жана өз айланасында Европа басымын токтотуу үчүн аракет кылат» деген макаланы басып чыкты. Анда: «Перес өз сапарында Европага өтөт жана сапар учурунда Швеция, Норвегия жана Франция жетекчилери менен жолугушат… Жана Европада Израилге каршы пайда болгон толкунду токтотууга аракет кылат», деп жазылды. Бари Рабин 10.04.01де «Иерусалем Пост»то макала басып чыкты. Анда «Израилде Европаны катардан чыгарууга ыктоо бар… Европалыктардын позициялары өтө курч…», деген сөздөр бар. Европа саясатчыларынын көпчүлүгү жөөт вужудуна каршы экономикалык жаза-чараларды кабыл алууга басым жасап жатат. Себеби, Израил экспорт товарларынын 30%дан көбүрөөгү союзга чыгат жана импорт товарларынын 50%га жакыны союздан келет. Жалпысынан алганда, Европа жана ал жердеги мамлекеттердин жалпы райы Шаронго карата шек-күмөндүү өңүттө турат жана андан тынчтык пландарын акырына жеткириши мүмкүн болгон адамды көрбөй жатат. Ошондуктан, аны алып таштоого жана жумушчулар партиясын кайтарууга аракеттер болуп жатат. Жана козголоң толкуну да ушул максатта татаалданып кетти. Энтони Курдсман 1.03.01де Америка Конгрессинин тышкы мамилелер боюнча комиссиясынын алдындагы сөзүндө: «Регион сырткарысындагы Франция, Кытай жана Россия сыяктуу улуттар бизге каршы экинчи козголоң жана тынчтык карталарын ойношу мүмкүн», - деди. О.э. Европа Шаронду алып таштоого аракет алып баруу менен бирге, Шарондон мурда болгон сүйлөшүүлөрдү кайтаруу үчүн Америкага да басым өткөрүүдө.

Ал эми Арафат Америка козголоңду токтотуу үчүн катуу басым өткөрүп жатканын айтууда. Ал жерде Америка саясатчылары ортосунда көчүп жүргөн, бирок дагы деле анык болбогон рай бар

– бул Арафаттын өз милдетин аткара албай тургандыгы. Мындай позиция Европа позициясынан айырмаланат. Себеби, Европа Арафатты кубаттап, аны Палестина маселесиндеги кыянатчыл пландарды аткарууга кудуреттүү адам деп билет. Робин Кук 18.04.01деги билдирүүсүндө Арафатты мындай сөздөрү менен коргоду: «Чабуул уюштуруп жаткандар Палестина жетекчилигине караштуу эмес, аларды майтарууга Палестина полициясынын күчү чектелген о.э. ал жерде тынчтык сүйлөшүүлөрү үчүн алдыга жылуу жолунда орун басар эмес, мына ошондуктан – палестиналыктардын зордукчулукту ташташы кыйындыгы мага баса белгиленип өтүлдү».

Мына бул басып алынган Палестина жаатындагы бардык тараптардын позициялары жөнүндөгү сереп. Ушуга караганда, абал өтө коркунучтуу. Палестина калкынын кайгысы көбөйүп жатат дешибиз мүмкүн. Себеби мусулмандардын жана арабдардын акимдери – Шарон Американын ачык колдоп-кубаттоосу менен зулум өткөрүп жаткан бир убакытта – алар кордук, чачырандылык, бири-бирин жардамсыз таштап коюу позициясында турушат. О.э. кээде араб малай акимдеринин Европанын көбүрөөк аралашуусуна чакыруусу какаганга муштагандай болууда. Бул бечара малайлардын чакырыгы болду. Эми бир гана бул Үммөт тизгинин капыр душмандар колунан тартып алууга, аны кыянатчыл малай акимдерден куткарууга жана пайгабарлар сайийди ﷺ кушкабар берген Халифалык Мамлекетин тикелөө менен алардын жырткычтыгына чек коюуга кудуреттүү болгон калыс мусулмандар доору калды.